**Менин Мекеним**

Шекер айылыма көп барам, эки-үч каттабасам көңүлүм толбой турат. Менин Мекеним- Шекер айылы. Биздин Шекерге ак көбүк, көк буурул суу агып келет. Ал- Күркүрөө. Атына жараша заты бар.

Менин өспүрүм курагым айылда өттү. Айылдаштарым адам деген даражаны бийик алып келатышат.

Байтик- республикага аты маалим тамекичи.

Нуралиев Абдалы- бүгүн колхоздун белгилүү активи. Батма Орозматова- азыр да мугалим.